ЖУРНАЛИСТИКА

УДК: 94:392.1(575.2)(04)
DOI: 10.35254/bhu/16948130_2021_55_140

Токтогулова А.
Кыргыз Республикасынын
Эл аралык университети,
окутуучу

КЫРГЫЗ ПУБЛИЦИСТИКАСЫНЫН ЖУРНАЛИСТТИК ЖАНР КАТАРЫ ЖАРАЛЫШЫ

Кыскычы мазмуну

Бул макалада публицистиканын түптөлүшү, мазмуну жана формасы, өсүп-өнүгүшү, өркүндөшү жана андан ары кеңири кадам шилтешинин тарыхый жолдору каралган. Публицистика деген эмне, ал адабият менен кандай ынаашат, басма сөз аренасына качан келип кошулду, башка жанрлардан айырмасы, өзгөчөлүгү, өзүнө тийиштүү касиеттери кайсылар, кантип калыптанды жана кандай өнүгүп жаткандыгы аныкталды. О.э. публицистикалык ыкма башка адабий жанрлардан өзүнүн эмоциоаналдуулугу, полемикалуулугу жана кандайдыр бир терең ойдун артынан түшкөндүгү менен айрымаланары көрсөтүлдү. Публицистика гезит жанрларын (макала, фельетон, очерк, памфлет, ачык кат) жана ошондой эле, адабият, кино, живопись, телекөрстүү жанрларын да өзүнө камтыйт. Газеталык жанрлардын ичинен публицистикалык жанр көрүнүктүү оорунду ээлейт, турмуштагы ккөйгөйлөрдү, кызыктуу маселелерди чагылдырат.

Түйүндүү сөздөр: *Гезиттер, жанрдык өзгөчөлүктөр, басма сөз, публицистикалык стиль, искуство, адабият, фельетон, илим, очерк, публицистика.*

ВОЗНИКНОВЕНИЕ КЫРГЫЗСКОЙ ПУБЛИЦИСТИКИ КАК ЖУРНАЛИСТКОГО ЖАНРА

Аннотация

В этой статье рассматриваются исторические пути создания, содержание и форма, рост, совершенствование и дальнейшие шаги развития публицистики. Определено, что такое публицистика, как она соотносится с литературой, когда она вышла на арену печати, в чем ее отличие от других жанров, како-вы ее особенности, как она формируется и развивается. Также было показано, что публицистический метод отличается от других литературных жанров своей эмоциональностью, полемичностью и стремлением к какой-либо глубокой мысли. Публицистика включает в себя как газетные жанры (статья, фельетон, очерк, памфлет, открытое письмо), так и жанры литературы, кино, живописи, телевидения. Среди газетных жанров публицистический жанр занимает видное место, отражает жизненные проблемы .

Ключевые слова: *Газеты, жанровые особенности, пресса, публицистический стиль, искусство, литература, фельетон, наука, очерк, публицистика.*

THE EMERGENCE OF KYRGYZ PUBLICISM AS A JOURNALISTIK GENRE

Abstract

This article examines the historical ways of creation, content, form, improvement and further steps in the development of publicism. It is determined what is publicism, how it relates to literature, when it entered the arena of printing, what is its difference from other genres, what are its features, how it is formed and developed. It was also shown that the publicistic method differs from other literary genres in its emotionality, polemicality and the desire for some deep thought. Publicism includes both newspaper genres, and genres of literature, art, television. Among the newspaper genres, the publicistic genre occupies a prominent place.

Keywords: *Newspapers, genre features, press, publicistic style, art, literature, feuilleton, science, essay, journalism.*

Басма сөздүн мазмуну кең жана миң кырдуу. Басма сөздүн агитатордук, пропагандисттик жана уюштуруучулук функцияларынын ишке ашышы газетадагы жанрлардын ар түрдүү болушуна түздөн-түз байланыштуу. Ушундан улам ар бир жанрдын өз объектисине жараша басма сөздө ээлеген орду жана мааниси бар.

Журналистиканын жалпы таарыхы жөнүндө кеп козгогондо да ар бир жанрдын өсүш, жаралыш, калыптаныш тарыхы изилденет. Ар бир жанрдын басып өткөн жолу журналистиканын жалпы таарыхынын бир бутагы болуп эсептелет. Газеталык жанрлардын ичинен публицистикалык жанр көрүнүктүү оорунду ээлейт. Публицистика тигил же бул теманы көркөм формада чечүү менен турмуштагы эң кызыктуу маселелерди козгойт-бул маанилүү окуялар, патриоттук башталмалар, бийлик менен элдин жетишкендиктери жана тирешкендиктери чагылдырылат[1, 55-б.]. Публицистика деген эмне, ал адабият менен кандай ынаашат, басма сөз аренасына качан келип кошулду, башка жанрлардан айырмасы, өзгөчөлүгү, өзүнө тийиштүү касиеттери кайсылар, кантип калыптанды жана кандай өнүгүп жатат деген суроолорго жооп издешибиз керек. Талдоого киришер алдында "публицистика" деген сөздүн өзөгү жана келип чыгышын карап көрөлүк. "Публицистика" (латын тилинде…коомдук) деген сөзүнөн алынган. Бул коомдук пикирге түздөн-түз таасир берүүгө багытталган ар кыл социалдык көз караштарды чагылдырууга арналган адабияттын кеңири тараган түрү. Публицистика мезгилдүү басма сөздө очерк, памфлет, юмор, сатира жана курч мүнөздөгү макала түрүндө кездешет. Мисалы "Новый словарь иностранных слов" аттуу китептеги энциклопедиялык публицистикага төмөндөгүдөй кеңири аныктама берилип, анын мүнөзү менен маани-маңызы ачылат. Анан публицистика жалпы эле журналистика менен тыгыз байланыштуу экени даана көрсөтүлгөн [2, 211-б.].

Публицистикалык ыкма башка адабий жанрлардан өзүнүн эмоционалдуулугу, полемикалуулугу жана кандайдыр бир терең ойдун артынан түшкөндүгү менен айрымаланат. Публицистика гезит жанрларын (макала, фельетон, очерк, памфлет, ачык кат) жана ошондой эле, адабият, кино, живопись, телекөрстүү жанрларын да өзүнө камтыйт. Ушуга байланытуу, публицистика бир жагынан бөлөктөрдөн кененирээк мааниде экенине басым жасасак болот. Ал эми, экинчи жагынан, публицистика өсүп-өнүгүп, улам жаңы бийиктиктерди багындырып турганын да таанууга болот. Мына ошондуктан публицистиканын ар кандай кырдаал, көрүнүш, окуя жана түрдүү аныктамасы болуусу толук мүмкүн. Искусство (көркөм өнөр) адамдын ички рухий дүйнөсү, ой-мүдөөсү, аң-сезимине таасир этип, жашоо турмушуна багыт бере ала тургандыгы белгилүү. Анын таасири адамдын көз карашын, ой-пикирин өзгөртө алат. Мисалга Г. Абрамовичтен бир цитата. "Искуство-адамдарга сулуулукту жана түрү суук нерсени да, ошондой эле, мүнөздүн кыймыл аракеттин, сезимдин ар кандай багыттарын сездире билген" [2, 203-б.].

Публицистика өзү көркөм адабият сыяктуу эле жандуу сөз аркылуу жашайт, өсүп-өнүгөт жана ишке ашат. Ал коомчулукка таасир берүүнүн өтө күчтүү куралы болгон массалык маалымат каражаттарын кеңири колдонот. Ал мамлекеттик жана жеке менчик, коомдук саясий, көз карандысыз, оппозициялык гезиттер, радио менен телекөрсөтүү, маалымат агенттиктери аркылуу өтө кубаттуу жана ар тараптуу каражаттар катары күнүмдүк турмуштун ар кыл жагынан чагылдырып турган бүгүнкү күндүн тарыхын жазат. Ошондуктан көпчүлүк учурда публицистика деген атоо, жалпы эле журналистика деген түшүнүк менен кеңири жана тыгыз байланышкан. Маселен, Германияда бул эки түшүнүк бир гана нерсенин синонимдери болгон. Ал эми, публицистиканын өзү бир нече, кээде бири-бирине карма каршы келген түшүнүктөрдөн турарын турмуштун практикасы даана көрсөтүүдө.

Публицистика жөн эле коомдун өсүп-өнүгүүсүн гана көрсөтпөстөн, бүгүнкү күндөгү баардык карама-каршылыктуу жашоону да чагылдырат. Илим, искусство жана публицистика бири-бири менен карым катнашта болот. Публицистика-дүйнөнү таанып билүүдө, элге терең жана ар тараптуу багыт алууга жардам берет. Массалык маалымат каражаттары аркылуу адамзаттын аң-сезимине катуу таасир этүүчү курал катары эчак эле өз оордун тапкан. Ошондой эле ал эки милдетти аткарат. Биринчиден социалдык-педагогикалык милдет, экинчиден, маалыматтык-таанып билүүчүлүк милдет[3, 76-б.].

Адабият таануу жана журналистика илиминде эбактан бери айтылып жаткан "адабият менен журналистика-бир тууган эже сиңдилер" деген түшүнүк бар, себеби адепки жаралыш, калыптанып өсүп-өнүгүш жана өркүндөш жараяны бири-бирине окшош. Анан ар бир илимдегидей эле өздөрүнө энчилүү болгон тарых, теория, усул жана практикага ээ. Анын үстүнө, алар ар дайым эриш-аркак, жараша жашагандыктан көпчүлүгүбүзгө "жазуучу журналист" же "журналист-жазуучу" деген түшүнүктөр жакшы маалым. Англиялык акын жана сынчы Мэтью Арнольд "журналистика — бул чуркап бара жаткан адабият" деп сыпаттаган. Американлык гезит магнаты Рандолф Херст "гезиттер — цивлизациянын эң зор күчү, алар согуштарды жарыялашып, саясатчыларды ишке коёт жана аларды иштен алат" деген. "Америкада президент төрт жыл башкарса, гезиттер мөөнөтсүз башкарат",— мындай аныктаманы англиялык жазуучу Оскар Уйалдга айткан[4, 100-б.]. Көркөм адабият эски чындыктарды түбөлүктүү жана өзгөрүлбөс түрдө чагылдырат, публицистикаучурдагы чындыкты берип өзгөрүүнү жаратат. Нобель сыйлыгынын лауреаты, физик Пётр Капинца мынтип айткан. "Массалык маалымат каражаттары — массалык кыргын салуучу каражаттардан кем эмес".

Публицистика илим менен дагы байланышат. Себеби кайсы гана ойду жанрлар аркылуу чагылдырып жатканда, ал илимий терең талдоону талап кылат. Журналистика пайда болгондон баштап, жөн гана маалыматты жеткирбестен, аны ишенимдүү кылып далилдөө аркылуу жеткирүү талап кылынат. Ал эми, экинчи жагы, ал калктын калың катмары үчүн абдан түшүнүктүү болуу керек. Мындан бир нече кылым мурун (газета пайда болгондо) публицистиканын алгачкы түрлөрү келип чыккан. Албетте, алар бири-бири менен дипломатиялык, ишкердик же болбосо жеке кат алмашуу аркылуу өнүккөн. Каттар кезегинде публицистиканын ролун ойношкон. Ошондой эле публицистиканын элементтери сурап-билүү календарларында да пайда болгон. Мисалы, Гуттенберг басма

станогун ойлоп тапкандан кийин, адегенде 1455–57-жылга календарь чыгарган [5, 12-б.]. Демек мезгилдүү басма сөздүн элементи пайда болгон. Азыркы күндө газеталар аткарып келген функцияны ошол Гуттенбергдин календарлары аткарган. Почта кызматын пайдалануу тажрыйба дагы азыркы эле газетанын бир элементти катары көрүнүп турат. Ошентип, маалымат жыйнактарын чыгаруу, аны почта аркылуу таратуу газетанын пайда болуш жолундагы маанилүү баскычтарынан болгон. XVI кылымда мындай практиканы европанын соода үйлөрү ишке ашырышкан. Орусияда массалык маалымат каражаттарынын өнүгүшү жана публицистиканын ошол каражаттар аркылуу жалпы массага жеткирилиши Петр Биринчиден башталган. Ушул падыша негиздеп чыккан гезит "Ведомость" деп аталган (Кабар). Ал ошол кездеги Орусия өкмөтүнүн расмий саясий органы катары кызмат кылган. Маселен, орустун газеталарынын негиз салуучуларынын бири Борис Волков "мен сизге биздин билдирүүлөр калкка абдан жагат деп айткым келет, анкени алар тарыхты бурмалабай чагылдырат жана жалпы калкка пайда берет" деген билдирүүнү жиберген" [5, 15-б.].

Басма сөз калкты дайыма маалымдап турчу кызмат катары пайда болгондон баштап, публицистиканын өсүп-өнүгүшүнө өзүнүн оң таасирин тийгизбей койгон жок. Жаңыдан пайда болгон мезгилдүү бама сөз газета-журналдар өздөрүнүн көлөмдүк тартыштыгы жагынан да эски жанрлардын ордуна жаңы публицистикалык жанрларды пайда кылды. Мезгил-мезгили менен чыгып туруусу дагы бул басма-сөз каражаттарында жаңы темпти жана стилди жаратты. Мезгилүү басма сөздүн өзү дагы XVII кылымдын ичинде бир топ өсүп-өнүгүүгө жана өзгөрүүгө дуушар болду. Натыйжада, журналистика бир нече адистешкен тармактарга ажырап кеткен. Алардын катарында илимий басылмалар, илимий-популярдуу басылмалар, техникалык сурап билүү, диний жана көркөм адабияттык басылмалар болуп бөлүнүшкөн.

1755-жылы Француз журналдарынын биринде улуу орус окумуштуусу М. Ломоносовдун "Философиянын эркиндигин коргой турган журналистердин өз чыгармаларын жазуудагы милдеттери" деп аталган эмгеги жарыяланган. Бул эмгек терең жазылган теориялык иш болуп саналат. Ал чет өлкөлүк басма сөздө орус окумуштуусунун көз карашынын тескери багытта берген макаларларга ой айткан. Орустун гениалдуу окумуштуусу жазаган эмгек бүгүнкү күндө да маанилүү. Ломоносов кайсы гана басма сөздө басылган эмгек болбосун автордун жоопкекерчилигин биринчи орунга коёт, себеби, ар бир автор өзүнүн эмгектери жалган же чын экендигине окурман алдында жеке жооптуу. Мына дагы бир сөзү. "Мындай каталар аз болмок, эгерде көп жазмакерлер биринчи планга мезгилдүү басма сөзгө жазууну акча табуунун куралы эмес, чындыкты издөөнүн куралы кылып койсо" [5, 21-б.].

Дагы бир мисал. Орустун улуу жазуучусу Николай Гоголь Карл Брюлловдун "Помпейдин акыркы күнү" деген атактуу сүрөтүнө арнап макала жазган. Гоголь жөн гана жазуучу эмес, көркөм өнөрдүн улуу чыгармасынын маңызын түшүнө билгендиги, андагы көркөм жагдайлардын философиясын ача алгандыгы менен айрымаланып, публицистикалык маанайдагы изилдөөчүлүк эмгекти жараткан. "Публицистикалык жанрлар кийинки мезгилде бир даалай басма сөз изилдөөчүлөрдүн темасына айланды. Эң эле көп изилденген жанр очерк болуп саналат. Фельетон жанры очерк жанрына караганда азыраак изилденген. Репортаждын өзгөчөлүктөрү кеңири изилдөөгө алынган" [6, 279-б.].

Журналистик изилдөөлөр жөн гана илимий иш бойдон калбастан, практикалык журналистикага да таасирин тийгизбей койбойт. Өткөн кылымдын 1950-жылдарынан баштап, совет доорунда белгилүү ири басылмалардын өзүнүн окурмандары менен жоолугушуусу өтө көп практикалана баштаган эле. СССРдин кыйрашы менен ар бир мамлекеттин экономикалык, социалдык, саясий түзүлүшү өз алдынча өнүгүү жолуна түштү. Буга ылайык, массалык маалымат каражаттарынын андан аркы өнүгүшү мезгилдин талабына жана ар бир өлкөнүн өнүгүшүнө карата багыт алды.

Кыргыз адабият таануу илимин тарыхый аспектен алып караганда дүйнөлүк адабияттын, өзгөчө орус совет адабиятынын таасиринде жана анын үлгүсүндө жогорку деңгээлде өнүгүп, калыптанып такталды. Кыргыз публицистикасынын өнүгүү этаптары, тарыхы, теги, жанры, түрү, тематикасы көркөм профессионалдык дэңгээли жөнүндө жазылган бир топ эмгектер жаралды. Бирок кыргыз публицистикасын өнүгүү этаптарын доорлорго бөлүп карай турган болсок, кыргыз публицистикасынын "жаралуу таарыхы" совет өкмөтүнүн келиши менен тагыз байланыштуу. Кыргыз публицистикасынын алгачкы чыгармалары идеялык-тематикалык жактан советтик идеологияга сугарылган, өз мезгилиндеги көп улуттуу совет адабиятындагы публицистиканын алкагында калган. Кыргыз публицистикасы эки таарыхый доорду башынан өткөрдү. Биринчиси совет өкмөтүндөгү теңдик, "жаңы заман" деп аталган мезгил, илим-билимге жол ачылып, түп-тамырынан өзгөргөн түшүнүктөр, социалдык идеяга жаңы мамлекет катары советтик бийликтин келиши. Бул мезгил, албетте, узак убакытты кучагына алып, зор тарыхый окуялардын күбөсү болду. Муну менен кошо кыргыз публицистикасы адабияттын башка жанрларындай жаңыдан жаралып, калыптанып совет өкмөтүнүн идеологиясын, жаңы замандын жаңылыктарын жайылтуучу пропагандисттик милдетти өтөп, жанрдык типологиялык жактан көп түрдүүлүгү артып, улуттук адабиятта жана массалык маалымат каражаттаында туруктуу ордун тапкан [7, 19-б.].

Бирок, ушундай жетишкендиктерге карабастан, улуттук адабиятыбыздын жанрында да айрым бир идеялык-тематикалык чектелүүлөр болгондугу айкын. Ушундай себептерден публицистика жетиштүү деңгээлде өнүгө алган эмес. Совет өкмөтү бирдиктүү идеология түшүнүгүн калк тамырына сиңирип, катардагы колхозчудан социалдык эмгектин баатырын чыгарууга шыктандырып, күндөлүк турмуштагы тынымсыз өзгөрүүнү публицистикалык жанрлар аркылуу ишке ашырып, эл эмгегин, эл турмушун чагылдырган документалдуу, далидүү көрсөтмөлөрү бар көркөм публицистикалык маанайдагы чыгармалар байма-бай жазылып, улуттук басма сөз бетинде өз өмүрүн баштаган. Элдин социалдык абалын, көйгөйлөрүн, көз караштарын, совет өкмөтүнө жан дили менен берилгендикти, ак кызмат

кылууну дал ушул жанрдык чыгармалардан көрө алабыз.

Адабияттар

1. Кудайбергенов С. Публицистикалык стил жөнүндө жалпы маалымат. Кыргыз адабий тилинин стилдик түрлөрү / С. Кудайбергенов.— Ф.: Илим, 1983.— 130-б.

2. Литературный энциклопедический словарь. / под общ.ред. В. М. Кожевникова, П. А. Николаева.— М.: Сов энцикл., 1987.— 751 с.

3. Белинский Г. В. Зарождение периодической печати в России / Г. В. Белинский // Журнал Министерства просвещения.— М., 1908.— № 9.— С. 76

4. Усупов С. У. История журналистики. Учебное пособие / С. У. Усупов.— Бишкек: Изд-во БГУ, 2007.— 176 с.

5. Есин Б. И. История русской журналистики (1703–1917) / Б. И. Есин.— М.: Наука, 2000.— 210 с.

6. Султаналиева А. С. Вехи журналистской судьбы / А. С. Султаналиева // Вестник БГУ им. К. Карасаева.— 2011.— № 1 (18).— С. 278–280

7. Орунбеков Б. Журналистиканын негиздери / Б. Орунбеков.— Б., 2015.— 240-б.